**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары жана**
**медициналык буюмдар**
**департаментинин директорунун**
**орун басары**
**Кысанов Т.А.**
**«27» февраль 2025-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## ДИСТРЕПТАЗА®
## (DISTREPTAZA®)

**Соодадагы аталышы**
ДИСТРЕПТАЗА®
DISTREPTAZA®

**Эл аралык патенттелбеген аталышы**
Streptodornase, streptokinase

**Дарынын түрү**
Ректалдык суппозиторийлер.

**Сүрөттөмөсү**
Актан ачык сарыга чейинки түстөгү механикалык жабыркоолору жок, конус же «торпеда» формасындагы учу учтуу суппозиторийлер.

**Курамы**
1 суппозиторий төмөнкүлөрдү камтыйт:
*активдүү заттар:* стрептокиназа 15000 ЭБ, стрептодорназа 1250 ЭБ;
*көмөкчү заттар:* парафин майы, катуу май.

**Фармадарылык тобу**
Кан жана кан жаратуу органдары. Башка гематологиялык препараттар. Ферменттик препараттар. Стрептокиназа, айкалыштар.
**АТХ коду**: B06AA55

**Фармакологиялык касиеттери**
*Фармакодинамикасы*
Препарат эки активдүү затты камтыйт: стрептокиназаны жана стрептодорназаны.
Стрептокиназа адамдын канында болгон плазминоген проферментинин активатору болуп

эсептелет, ал стрептокиназанын таасири алдында уюган канды эритүүгө жөндөмдүү плазминге айланат.

Стрептодорназа тирүү клеткаларга жана алардын физиологиялык функцияларына таасир бербей, нуклеопротеиндердин жабышкак массасын, өлгөн клеткаларды же ириңди эритүүгө жөндөмдүүлүктү көрсөтүүчү фермент болуп эсептелет.

Препарат сезгенүү очогуна антибиотиктердин же химиялык дарылоочу каражаттардын жетүүсүн жеңилдетүүчү өз алдынча да, же көмөкчү дарылоо каражаты катары да колдонулат.

*Фармакокинетикасы.*

Изилденген эмес.

**Колдонууга көрсөтмө**

Кичи жамбаш чарасынын органдарынын сезгенген ооруларын (КЖОСО) комплекстүү дарылоо: жумурткалыктардын, фаллопий түтүктөрүнүн, жатындын инфекциялары.

Кичи жамбаш чарасынын органдарына операциядан кийин биригип жабышкан оору.

Курч жана өнөкөт геморрой.

Перианалдык абсцессти жана кеңири сезгенген инфильтраты менен тешик жараларды комплекстүү дарылоо.

**Каршы көрсөтмө**

Таасир берүүчү заттарга же көмөкчү заттардын кайсы бирине өтө сезгичтик.

Киргизген жерде жаңы карттанган жараатардын, же хирургиялык тигиштердин болушу: дары препараты жаңы карттанган жараат же жаңы салынган тигиштер менен тийишпеши керек, себеби бул тигиштердин алсыз болушуна жана кийин жараат жактан кан агууга алып келиши мүмкүн.

Кайталанган кан агуу пайда болуу коркунучу жогорулашынан улам, мурунку кан агуу (токтогондон кийин биринчи 10 күн).

Кальций туздарын камтыган препараттар менен дарылоо.

Ириңдөөнүн белгилери жок байланыштыргыч ткандардын оорусунун курч өтүүсү.

Кан уюгучтугунун бузулуусу.

Кан агуунун пайда болуу коркунучунан улам, антикоагулянттар (кан системасынын уюу активдүүлүгүн төмөндөтүүчү препараттар) менен дарылоо.

**Дозалоо режими жана колдонуу жолу**

***Дозалоо режими***

*Чоң адамдар (18 жаштан жогору)*

Дозасы сезгенүүнүн тибине жана оордук деңгээлине жараша болот.

Дарыгердин көрсөтмөсүнө ылайык колдонулат.

Оор абалдарда:

1 суппозиторийден суткасына 3 жолу биринчи 3 күн бою;

1 суппозиторийден суткасына 2 жолу кийинки 3 күн бою;

1 суппозиторийден суткасына 1 жолу кийинки 3 күн бою.

Жеңил абалдарда:

1 суппозиторийден суткасына 2 жолу биринчи 3 бою;
1 суппозиторийден суткасына 1 жолу кийинки 4 күн бою;
же
1 суппозиторийден суткасына 2 жолу 2 күн бою.

Дарылоонун орточо курсу – 8-18 суппозиторий.
Дарылоо курсунун узактыгы орточо 7-10 күн.

*Өзгөчө топтор*
*Улгайган курактагы адамдар*
Улгайган курактагы адамдарга (65 жаштан жогору) дозасын тууралоо зарылдыгы жөнүндө маалымат жок.
*Боор алсыздыгы бар бейтаптар*
Препарат боордо зат алмашпайт, ошого байланыштуу боор алсыздыгы бар бейтаптарга дозасын тууралоо зарылдыгы жок.
*Бөйрөк алсыздыгы бар бейтаптар*
Бөйрөк алсыздыгы бар бейтаптарга дозасын тууралоо зарылдыгы жөнүндө маалымат жок.

***Колдонуу жолу***
Блистердик таңгактан чыгаргандан кийин суппозиторийди көтөн чучукка терең киргизүү керек.

**Жагымсыз реакциялар**
Сейрек (≥1/10 000, бирок <1/1 000):
Жалпы бузулуулар жана киргизген жердеги реакциялар: аллергиялык реакциялар, дене табынын жогорулашы, ошондой эле кан агууга жакындык, жергиликтүү ооруксунуу жана шишимик.

**Өзгөчө көрсөтмө жана колдонууда этияттык чаралары**
*Препарат менен дарылануу убагында дарыгер менен алдын ала кеңешпестен эч кандай башка дары каражаттарын колдонбоңуз (анын ичинде рецептсиз берилгендерди дагы). Көзөмөлдөнбөгөн дарылоо сиздин ден соолугуңузга зыян келтириши мүмкүн.*
*Балдар*
Натыйжалуулугу жана коопсуздугу жөнүндө маалыматтар жоктугуна байланыштуу балдарга жана өспүрүмдөргө колдонуу сунушталбайт.
*Кош бойлуулук жана эне сүтүн эмизүү*
Кош бойлуу мезгилде колдонуу сунушталбайт.
Эне сүтүн эмизүү мезгилинде колдонууга болбойт.
*Унаа каражаттарын башкаруу жана механизмдер менен иштөө жөндөмдүүлүгүнө тийгизген таасири*
Таасир бербейт.

**Ашыкча доза**
Азыркы убакытка чейин дозасынан ашырган учурлар жөнүндө маалымдалган эмес.

**Башка дары препараттары менен өз ара таасири жана өз ара таасиринин башка түрлөрү**

Кан агуу пайда болуу коркунучунан улам, антикоагулянттар (кан системасынын уюу активдүүлүгүн төмөндөтүүчү препараттар) менен бир убакта колдонуу каршы көрсөтүлгөн.

**Жарактуулук мөөнөтү**

3 жыл.

Таңгагында көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү өткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Сактоо шарты**

2 °C дан 8 °Cга чейин (муздаткычта) аба табында сакталат.

Тоңдурууга болбойт.

Балдар жетпеген жерде сактоо керек.

**Чыгаруу формасы жана таңгагы**

Блистерде 6 суппозиторийден, 1 блистер мамлекеттик жана орус тилдеринде нускамасы менен бирге картон кутуда.

**Дарыканадан берүү шарты**

Рецепт боюнча.

**Өндүрүүчү**

Синтаверс С.А.

Университетская көч.,10, 20-029 Люблин, Польша.

**Эксклюзивдүү өкүлү**

Альпен Фарма АГ

Берн, Швейцария.